**Бекитем:**

**Мектеп директору: Өмүрбеков М.**

**14.09.2022-жыл.**

**Мамадалы Барпиев атындагы № 19 Жылгын жалпы орто билим берүүчү мектебинин окуучуларынын ар-намыс кодекси.**

**Окуучулардын ар –намыс кодекси.**

Мен Кыргыз Республикасынын окуучусу катары милдеттенем.

-Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактоого, эгемендүү Кыргызстандын символдору болгон Гимн, Герб, Желекти билүүгө жана урматтоого.

-Атуул катары өз мекенимди урматтоого жана сүйүүгө, өз милдетимди аткарууга, Манастын осуяттарынын негизинде чынчыл жана адилет жашоого.

-Улууларды, мугалимдерди жана ата-энелерди урматтоого .

-Акыл –эсимди өстүрүүгө, билимдүүлүккө жана тартиптүүлүккө умтулуу.

-КР Конституциясында жана “Балдардын укугун коргоо жөнүндөгү”конвенцияда көрсөтүлгөн өзүмдүн жана башкалардын укугун коргоого .

-Эне-тилимди сүйүүгө жана сактоого, башка элдердин, өлкөлөрдүн тилин жана маданиятын үйрөнүүгө .

-Өзүм жөнүндө кам көрүүгө, ден соолугумду сактоого.

-Жеткиликтүү окууга жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүмдү өстүрүүгө.

-Дайыма үлгүлөрдүн катарында болууга жана начар окугандарга колдоо көрсөтүүгө.

-Акыл –эстүү болууга, мыйзамсыз чечимдерди кабыл албоого .

-Толеранттуулукту сактоого, башка элдердин көз караштарына, үрп –адаттарына жана динине түшүнүүчүлүк менен мамиле кылууга .

-Кыргызстанда жашаган элдердин демократиялык традицияларын сактоого.

-Өзүмдүн тышкы көрүнүшүмдү , жүрүм-туруш этикамды сактоого .

-Бизди курчап турган жаратылышты, үйүмдү, мектебимди сактоого жана байлыгын өстүрүүгө .

-Кыргызстандын татыктуу жараны болууга, анын гүлдөп өсүшүнү үчүн кең билим аркылуу ой жана достук кызматташтык кылууну дайыма эске сактоого.